КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЙ ОКУУ

предмети боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдары үчүн

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

I-IV класс

**БИШКЕК - 2023**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн кыргыз тили жана окуу предметинин программасы (А1 деңгээли, 1-4-класстар) – Бишкек, 2023. - 53 б.

**Түзүүчүлөр:**

**Рысбаев С. –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери;

**Джусупбекова Н. –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары;

**Оморова А. –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун улук окутуучусу;

**Батыркулова А. –** педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы.

**Рецензенттер:**

**Эсеналиева К.,** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун филологиялык билим берүү кафедрасынын башчысы

**Керимбекова С.,** Бишкек шаарындагы ОТК №67 мектеп-гимназиясынын мамлекеттик тил мугалими

**Мырзаева Н.С.,** Зуура Нурматова атындагы Жалал-Абад кыздар лицейи

Кыргыз тили жана окуу предметинин программасы (А1 деңгээли, 1-4-класстар) – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандартынын негизинде иштелип чыкты.

Аталган программа окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу боюнча жаңы окуу китептеринин жана окуу-методикалык комплекстеринин авторлору үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдери үчүн кызмат кылат.

# МАЗМУНУ

1. Түшүндүрмө кат.................................................................................................................. 4
1.1. Кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун максаты жана милдеттери………….. 5
1.2. Кыргыз тили жана окууну сүйлөшүү чөйрөсүнө, сүйлөшүү тематикасына жана андагы коммуникативдик милдеттерге ылайык үйрөтүүдөгү талаптар....................................5
1.3. Кыргыз тили жана окууну үйрөнүүдөгү кеп ишмердигинин талаптары жана анын мазмуну…..............................................................................................................................9
2. Кыргыз тили жана окуу предметинин окуу жүктөмү, сүйлөшүү чөйрөлөрү жана анын базалык мазмуну..................................................................................................13
2.1. 1 – класс.....................................................................................................................14
2.2. 2 – класс.....................................................................................................................18
2.3. 3 – класс.......................................................................................................................26
2.4. 4 - класс .......................................................................................................................39
3. Программанын мазмуну..........................................................................................46
4. Кыргыз тили жана окууну үйрөтүүдө окуучулардын жетишкендиктерин баалоо.............................................................................................................................51
5. Адабияттар...................................................................................................................55

## Түшүндүрмө кат

Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, кыргыз элинин эзелтен берки рухий байлыгы топтолгон, элдин түгөнгүс казынасы. Кыргыз тили, биринчиден, коомдук турмушта талаптагыдай колдонулуп, учурда жана келечек муундары жазуу-оозеки түрдө турмуштук зарыл курал катары пайдаланышы шарт. Экинчиден, республикабызда жашап жаткан башка улуттун өкүлдөрү кыргыз тилин үйрөнүүсү, түпкү элдин салт-санааларын билиши анын талаптагыдай өнүгүшүнүн зарыл шарттарынын бири. Ошондуктан, кыргыз тилин мындан ары сактап калуу, өнүктүрүү жана башка улуттун өкүлдөрүнүн окуп-үйрөнүү маселеси атайын мыйзам менен тастыкталып отурат.

Чындыгында, тил – байланыш катыштын гана куралы эмес, кыргыз тилин өнүктүрүү республикабызда жашаган түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн карым-катышынын куралы гана болбостон, ал аркылуу кыргыз мамлекетинин аброюн көтөрүү, бүгүнкү дүйнөлөшүү кезинде кыргыз тили аркылуу кыргыз улутун сактап калуу жана ошондой улуу вазийпаны аркалаган улутман уул-кыздарды азыртадан тарбиялоо болуп саналат.

Ушул максатта 1989-жылы кыргыз тилине мамлекеттик тил статусу берилген. Мына ошондон бери кыргыз тили окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде негизги окуу предмети катары окулуп келет. Бирок аталган мектептин окуу программасы Кыргызстанда кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүү методикасы калыптана элек кезде жазылгандыктан, сабакта окуучуну тилдин грамматикасы менен лексикасын жаттап үйрөнүүгө айрыкча басым коюлуп, окуучулар практикалык негизде үйрөнө албай келди.

Учурда кыргыз тилин аталган мектептерде экинчи тил катары үйрөтүүгө жаңыча мамиле жасала баштады, атап айтканда, дүйнөдө чет тилдерин деңгээлдик негизде үйрөтүүнүн методикасына таянуу менен, буга чейин колдонулуп келген окуу программасын жаңылоо башталды. Тактап айтканда, үстүбүздөгү жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы тарабынан «Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн концепциясы» бекитилип, анын негизинде предметтик стандарт жана колуңуздардагы программа башталгыч мектеп үчүн жазылды.

Кыргыз Республикасында тил билүү деңгээлдерине төмөнкү талаптар ылайыктуу: тилдик чөйрө бар кырдаалда мектеп бүтүрүүчүсү В1+ деңгээлинде, табигый тил чөйрөсү жок кырдаалда мектеп бүтүрүүчүсү В1 деңгээлинде тил билүү деңгээлине ээ болуусу керек.

**1-таблица**

| Деңгээлдер | Тилдик чөйрө жок кырдаалда | Тилдик чөйрө бар кырдаалда |
|---|---|---|
| А1 – элементардык | 1 – 4 - класстар | |
| А1+ | | 1 – 4 - класстар |
| А2 – базалык | 5 – 9- класстар | |
| А2+ | | 5– 9 - класстар |
| В1 – Орто | 10– 11- класстар | |
| В1+ – Ортодон жогорку | | 10 –11- класстар |

**Керектүү деңгээлге жетишүү үч этапта калыптандырылат:**

Башталгыч деңгээлдеги экинчи тилди билүү көндүмдөрүн өздөштүрүү этабында жеке темаларды жана негизги темаларды киргизүү, 1-4-класстардын талаптарын киргизүү, окуу, угуу, сүйлөө, сүйлөө жана жазууда башталгыч мектеп окуучуларынын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен; 1- 4- класстарда, эң жөнөкөй деңгээлде кенже

мектеп окуучуларынын жаш курагын эске алып, окууда, угууда, сүйлөөдө, жазууда элементардык коммуникативдик көндүмдөрү калыптандырылат; эне тилинде жана экинчи тилде (кыргыз тилде) универсалдуу тилдик түшүнүктөр калыптанат, эне тилинде жана экинчи тилде баарлашуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк калыптанат.

Бул программада мына ошол элементардык деңгээлдин мазмуну, анын ичинен, сүйлөшүү чөйрөлөрү, базалык окуу материалдарынын тематикасы, грамматикалык жана коммуникативдик минимумдар долбоор иретинде аныкталып сунушталды.

**Кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун максаты жана милдеттери**

**Кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун негизги максаты** мектепте окуп жаткан башка улуттун өкүлдөрүн жана аталган мектептерде окуп, кыргызча сабаттуу сүйлөп-жаза албаган кыргыз балдарын

- күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу;
- окуучулар өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүү;
- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;
- окутууга коммуникативдик мамилени уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;
- кыргыз тилинде газеттик жөнөкөй темада макаланы жана радиодон социалдык-маданий жөнөкөй темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;
- болуп өткөн же боло турган окуя тууарасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;
- темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана эң жөнөкөй темада текст түзө алуу;
- балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен которо алууга жетишүү;
- иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.

**Кыргыз тили жана окууну сүйлөшүү чөйрөсүнө, сүйлөшүү тематикасына жана андагы коммуникативдик милдеттерге ылайык үйрөтүүдөгү талаптар**

Кыргыз тилин башка улуттун балдарына үйрөтүүнүн натыйжалуу болуусу – тилди үйрөтүү методикасы илиминин гана жетишкен ийгилиги катары бааланбайт. Ушундай шартта биз тилди адамдардын байланыш-катышынын гана куралы эмес, улуттун рухун, мамлекеттин идеологиясын түзөр жана улуттун өзүн сактап калуунун да каражаты экендигин эсибизге салуубуз кажет. Андай болсо, ага илимий-методикалык гана талап коюу жетишсиз. Ага, ири алдыда, мамлекеттик камкордук гана эмес, мамлекеттик талап да, мамлекеттик көзөмөл да болуусу пайдалуу.

Чындыгында, кыргыз тилин башка улуттун өкүлдөрүнө талаптагыдай үйрөтүү, баарыдан мурда, кыргыз мамлекетинин ийгилиги. Анткени, ал – анын мамлекеттик тилинин кулач жайышын, рухий беделинин көтөрүлүшүн камсыз кылат. Кыргыз тили республикада жашап жаткан түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн арасында рухий көпүрө болуп, аларды бириктирүүчү каражат деңгээлине жетишет, акырында, кыргыз элинин байыртадан берки рухий казынасынын, тарыхынын, дилинин өлбөстүгүн далилдейт.

Анын мындай деңгээлге жетиши бир канча орчундуу факторлорго көз каранды экендигин белгилөөгө тийишпиз. Алар:

Биринчиден, **Кыргыз Республикасында кыргыз тилине болгон коомдук талаптын, ал тилде сүйлөөгө болгон турмуштук зарылдыктын** түзүлүшү. Бул – албетте, сырткы талап. Коомдук мындай талап болбосо, анын зарылдыгын бүгүнкү мектеп окуучусу сезбесе, эч ким ал тилде сүйлөбөйт, коомдук чөйрөдө колдонулбайт.

Экинчиден, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны, асыресе, мектеп окуучусу **кыргыз тилин үйрөнүүгө жана сүйлөөгө болгон ички зарылдыктын, каалоо сезиминин, ички керектөөнүн** (мотивация) болуусу. Кыргызстанда кыргыз тилинде инсандык алакаларга, жазуу жана оозеки байланыштарга (коммуникация) карата ички даярдыгынын жаралышы (интенция).

Үчүнчүдөн, кыргыз тилин үйрөнүүгө киришкен башка улуттун баласы «Мен келечекте Кыргызстанда жашайм жана иштейм. Кыргыз тили менин жашоо куралым болот, андан ийгилик табам, кызматта иштейм, билим алам. Кыргызстанды тереңдеп үйрөнөм» - деген **келечектүү кызыкчылыктын, оң мотивдин болуусу, т.а. кыргыз тилинин бала үчүн жашоо каражаты катары кызмат кылуусу;**

Төртүнчүдөн, күндө **кыргыз тилинде сүйлөөгө болгон турмуштук жандуу практиканын** болушу, класстагы ар бир сабакта мугалим менен окуучу кыргыз тилинде гана баарлашуусу, сабактын түздөн-түз кыргыз тилинде гана жүрүүсү.

Ушундай факторлор менен катар, кыргыз тилин натыйжалуу үйрөтүүдө чечилүүгө тийиш болгон бир катар илимий-педагогикалык зарыл шарттарды да эсепке алуу керек. Алар төмөндөгүлөр болмокчу:

1. Мектептеги кыргыз тили сабагын окутуунун максатынын так аныкталышы;
2. Сабактарда кыргыз тилин үйрөтүү методдорунун туура тандалышы;
3. Туура принциптердин жетекчиликке алынышы;
4. Кыргыз тили мугалимдеринин методикалык чеберчилигинин жогору болуусу;
5. Тил үйрөнүүнүн эл аралык үлгүлөрүн камтыган коммуникативдик жаңы технологияга таянуу;
6. Тил үйрөтүүгө ылайыкталган сапаттуу окуу китептеринин, усулдук жана дидактикалык адабияттарынын болуусу;
7. Окутуунун практикалык баалуулугунун жогору болуусу;
8. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу боюнча адис мугалимдерди сапаттуу даярдоо;
9. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдерге негизделген концепциясы менен стандарттарынын түзүлүшү;
10. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн методикалык негиздеринин иштелип чыгышы.

Бул айтылгандарды талдап келсек, ойлордун чордонунда тилге үйрөнүүгө болгон **коомдук талап** жана үйрөтүүнүн **жаңы технологиясы** тургандыгы сезилип турат. Андагы биринчи талап – кыргыз тилин үйрөнүүгө киришкен окуучунун болгон ички талабы жана тышкы (коомдук, мамлекеттик) талаптарды туюнтса, экинчи талап – **жаңы технология** маселеси: туура методдорду тандоо, туура принциптерге таянуу, керектүү каражаттарды иштеп чыгуу, мугалимдин методикалык чеберчилигин жаңылоо маселелерин эске салат.

Эмесе, төмөндө кыргыз тилин (мектепте) экинчи тил катары үйрөтүүнүн жүрүшүндө окуучулардын кебин максаттуу өстүрүү үчүн кандай сүйлөшүү чөйрөлөрү эске алынары жана ал чөйрөлөргө жараша окуу материалдарынын тематикалары кандай болору тууралуу сөз кылалы.

1. **Баланын өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү.** ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет:*** баланын өзү, аты-жөнү, чоң ата, чоң энеси, бир туугандары, жашаган үйү, бөлмөсү, өздүк буюмдары, үй дареги, күндөлүк эрежеси, үй турмушу,

бир туугандарына камкордук көрүү, ата-энеге жардам берүү, үй буюмдары, кийим-кечектер, эмеректер, идиш-аяктар, тамактануу, үйдө аткаруучу күндөлүк иштер, ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, кыргызча учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, базардан, дүкөндөн сатып алуу, нерсенин санын, сапатын, эмненин кайда экенин, убакытты, мезгилди ж.б. сурап билүү, сурап алуу ж.б. тематикаларда сүйлөшүүгө машыктыруу.

2. **Коомдук, социалдык-маданий чөйрө**. ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: бала туулуп-өскөн, жашаган жана окуган айыл, шаар, көчө, айылдагы жана шаардагы социалдык шарттар, мектептер, түрдүү мекемелер (эс алуу жайлары, дүкөндөр, китепканалар, клуб, кино-театр, оорукана, спорт аянтчалар, музейлер, Кыргыз Республикасы, Ала-Тоо жергеси, Өкмөт үйү, зоопарк, базар), кыргыздын ыйык жерлери, улуттук майрамдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул багыттагы сүйлөшүүлөр**.** табият, экология**,** Ала-Тоонун жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору**,** суулары, көлдөрү, жаныбарлары, канаттуулары, жалпы үй жана жапайы айбанаттар, өсүмдүктөр, дарактар, жер-жемиштер, жашылчалар, аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын кооздугу, ал жерлерде эс алуу, табиятты коргоо, камкордук көрүү, тазалыкты сактоо, экологиялык проблемалар, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүм-турум адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтаанышка мамиле жасоо, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар ж.б. тематикалардын чегиндеги окуу материалдары жана аларга жараша баарлашууга машыктыруу ж.б.

3. **Окуу-таануу чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет**: баланын туулуп-өскөн мекени, Кыргыз Республикасы, кыргыздын улуттук баатырлары, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдары, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, анын аты-жөнү, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери, кыргыз тили сабагы, мектептеги жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуу, мектеп короосу, андагы оюндар, мектеп бакчасы, окуу чейректери, каникулдар, ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул тематикаларда сүйлөшүү.

4. **Эмгек жана кесип чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет:** эмгектин мааниси, түрдүү кесиптер, кесип ээлери, ата-эненин кесиптери, бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, мектептеги окуу предметтери, завод, фабрика,теле-радио, театр, журналистика, актер, кинофильм, театр, спорттун түрлөрү, балдар эмнени каалайт, эмнени жактырат, келечекте ким болгусу келет, келечек максаттар, сүйгөн иши, кесиби тууралуу окуу материалдары жана аларга байланыштуу баарлашууга машыктыруу.

**Кыргыз тилин үйрөтүүнүн А1 деңгээлинин мүнөздөмөсү**

| | | |
|---|---|---|
| **А деңгээли**<br>Кыргыз тилин эң жөнөкөй колдоно билүү деңгээли | **А1**<br>**Элементардык деңгээл** | **А1.1.**<br>**1-класс** (карапайым көндүмдөр)<br>**А1.2.**<br>**2-4-класстар** (жөнөкөй көндүмдөр) |

А1 деңгээли (*кыргыз тилин үйрөнүүгө киришкен баштапкы мезгил)* 1 – 4-класстарды камтыйт. Анын ичинен, 1-класс элементардык (карапайым) деңгээл болуп эсептелинет. Анда кыргыз тилин жаңыдан үйрөнө баштаган башка тилдүү балдар кыргызча сүйлөшүүгө үйрөнүүгө киришүү мезгили болуу менен, анын эң жөнөкөй көндүмдөргө ээ кылуу аркылуу жыйынтыкталат. Ал деңгээлде балдар ээ болуучу көндүмдөр жогоруда белгилеген сфералардын ичинен балага, анын жашоо жана окуу чөйрөсүнө

жакынырааактарын камтыйт, ошону менен бирге, сүйлөшүүгө машыктыруучу жөнөкөй кырдаалдар, лексикалык чакан минимум, грамматикалык жөнөкөй формалар камтылмакчы.

**Бул баскычты өткөндөр төмөндөгүдөй коммуникативдик иш-аракеттерге ээ болуп калышат, т.а:**

- окуткан мугалими, классташтары менен кыргызча таанышып, өзүн тааныштырып, учураша жана коштошо билүүгө;

- өзү, ата-энеси, бир туугандары, жашаган дареги тууралуу айтып бере алууга;

- жашаган, окуган аймагы, андагы обьектилер, жандуу-жансыз заттар, тамак-аш, кийим-кече, үй буюмдарынын аталыштарын айта билүүгө;

- өзүнүн жана түрдүү жандуу-жансыз заттардын турган ордун, кайда экенин, эмне кылып жатканын айта билүүгө;

- күндүн убактыларын, жуманын, айдын аталыштарын, жыл мезгилдерин менен эсебин кыргызча айта алуу;

- класстагы, мектептеги окуу-тарбия иштерине байланыштуу аткарылуучу иштерди түшүнүүгө, коюлган суроолорго кыргызча жооп бере алууга.

Ал эми**, 2-3-4-класстарда *тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө машыктыруу мезгил болот*** да балдарды турмуштук жөнөкөй чөйрөлөрдө сүйлөшүп-пикирлешүүгө көнүктүрүү менен, баштапкы киришүү деңгээлиндеги көндүмдөрдү андан ары улантат.

Бирок мындагы кадыресе көндүмдөрдүн талаптарындагы башкы айырмачылык – анын түзүлүшү үч этаптан турат, т.а. кыргызча баарлашууга болгон **баштапкы жөнөкөй көндүмдөр** калыптанып, андан ары **баштапкы орто көндүмдөр** бекемделип, **баштапкы толук көндүм** менен аякталат. Окуу материалдары да ушундай багытта, бирин-бири толуктап уланткан мүнөздө башталып, жыйынтыкталат.

Бул деңгээлди басып өткөн окуучулар заттык сандык жана кыймылды билдирген сөздөрдү жана жак, чак, жөндөмө мүчөлөрүн кебинде колдонуп, ***кадыресе күндөлүк алыш-бериш, сурап алуу-сурап билүү аракеттерине жарап калышат. Тактап айтканда:***

- класста окуу ишмердүүлүктөрүнө жараша айтылган сөздөрдү, көрсөтмөлөрдү түшүнө билүүгө, мугалимдин суроолоруна жооп бере алууга;

- кыргызча уруксат, кечирим сурай алууга, нерсенин эмне экенин сурап билүүгө жана сурап алууга;

- өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин ким экени, жашы, аткарган иштери, ата-энелерине, бир туугандарына жардам берүү тууралуу кыргызча маалымат бере алууга, ал тууралуу суроолорго жооп берүүгө;

- түрдүү жөнөкөй кырдаалдарга жараша берилген суроолорго кыскача, туура, так жооп бере алууга, өз оюн билдире алууга;

- аба ырайы, жаан-чачын, ага ылайык кийинүү, үй жаныбарларынын, жапайы айбанаттардын аттарын атай билүүгө;

- качан, каерде эмне кыларын, кайда барарын, учурда эмне кылып жатканын, буюмдун кимдики экенин, буюмдун канча, кандай экенин кыргызча айта алуу жана суроого так, туура жооп бере алууга көнүгүп калышат.

## Кыргыз тили жана окууну үйрөнүүдөгү кеп ишмердигинин талаптары жана анын мазмуну

**(А1 деңгээли, 1-4-класстар)**

**Бул деңгээл кыргыз тилин үйрөнүүдөгү I баскыч катары бааланат да, ал багыт берүүчү жана тилге машыктыруучу мезгил болуп кызмат аткарат.**

1. **Угуп** жатыгуу ишмердүүлүгүндө (аудирование) окуучулар төмөндөгү көндүмдөргө ээ болуулары тийиш:

–Мугалимдин кыргызча учурашуусун, кайрылуусун түшүнө билүү;

–Окууга байланышкан түрдүү кырдаалдагы карым-катыштарда мугалим менен кыргызча мамилелешүүнүн тилин түшүнүү;

–Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура угуп, укканды туура кайталап айта алуу, тексттерден тааныш жана бейтааныш сөздөрдү ажырата билүү;

–айлана-чөйрөдөгү буюмдардын, нерселердин, көрүнүштөрдүн кыргызча аталыштарын өздөштүрүү;

–бирөөнүн сураганын, түрдүү, жөнөкөй маалымдоолорун түшүнүү жана ага карата ал тилде жооп айтууга машыгуу, түшүнүүгө кыйын болгон учурда таяныч материалдарды пайдалана билүү.

**2. Сүйлөө ишмердүүлүгү**

**а) Жеке кеп (монологдук кеп):**

- өтүлүп жаткан материалдардын чегинде даярданып, чакан көлөмдө кеп сала билүү; анын ичинде:

–буюмдардын, же предметтик сүрөттөрдүн атын жана жекече белгилерин айтып берүү;

–кырдаалдык сүрөттөр боюнча элестүү жагдайларды баяндоо;

–сюжеттик сүрөттөр боюнча эң жөнөкөй кыймыл-аракеттерди кыргызча түшүндүрүп, өз оюн билдире алуу;

–берилген эң жөнөкөй тема боюнча даярданып, айлана-чөйрөдө болуп өткөн жана болуп жаткан кубулуштар жөнүндө чакан баяндама жасоого үйрөнүү.

**б) Маек кеби (диалогдук кеп):**

- Мугалим менен кыргызча учурашып, өз ара мамилелешүүдө, окууга байланыштуу сүйлөшүүдө кыргызча баарлашууга жетишүү;

–мугалим менен жана бирге окугандары менен кыргызча учураша билүү, окуу ишине байланышкан түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүүгө активдүү катышуу;

– бирөөнүн сураганына, өтүнүчүнө жараша жооп бере алуу жана өзү да зарыл учурда керектүү маалыматты сурап билүүгө, бир нерсени сурап алууга үйрөнүү;

–турмуш-тиричиликти, көрүнүштөрдү чагылдырган эң жөнөкөй кырдаалда кыргызча мамилелеше билүү;

– кыргызча сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү.

**3. Жазууга, окууга жана которууга коюлуучу талаптар**

**А) Жазуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптар**

–кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана алар катышкан сөздөрдү, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазууга машыгуу;

–угуп, чакан жат жазууну туура жазууга машыгуу;

–зарыл таяныч материалдардан пайдаланып, сүйлөмдөрдүн, маектердин үлгүлөрүн толуктай алуу.

**Б) Окуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптар**

–жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана өтүлгөн материалдардын көлөмүндөгү чакан байланыштуу тексттерди үн чыгарып, ритми, интонациясы менен окуп өздөштүрүү;

–текстти окуп, ага карата суроо бере билүү, кайра өзү текстке таянып жооп таба алууга машыгуу.

**В) Которуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптар**

–өтүлгөн теманын көлөмүндөгү материалдарды, сөздүктү пайдаланып, которо алуу;
–эң жөнөкөй сөздөрдү, сүйлөмдөрдү сөздүксүз эле которууга жетишүү.

**4. Окуу материалдары кандай тематикаларда тандалууга тийиш?**

- мектеп, класс, окуучунун окуу куралдары, эмгек буюмдары, мугалим менен окуучунун окуу ишине байланышкан мамилелери жөнүндө;
- бала, анын үйү, үй-бүлөсү, үй буюмдары, жашы, кийим-кечеси, дене мүчөлөрү, ден соолук, үй-бүлөдөгү туугандык мамилелери, башка балдар менен болгон достук мамилелери;
- бала курчап турган дүйнө, жашаган коомдук чөйрө, анын Ата Мекени, борбор шаар, баланын үйү, короо жайы, аны курчап турган жаратылыш, убакыт, мезгилдер, анын кубулуштары, балдардын оюндары, үй жана жапайы айбандар;
- баланын турмуш-чөйрөсүнө, түшүнүктөрүнө жакын нерселердин жана буюмдардын кайда, канча жана анын кимдики экендигин, ким же эмне кылып жаткандыгы, кыймыл-аракети, ким же эмне аткаргандыгы, бош убакытты туура пайдалануу тууралуу;
- балдар жашаган аймактардагы коомдук жайлар, кыргызча кеп маданиятына жатыктыруучу материалдар;
- балдар турмушун чагылдырган чакан, дүйнө таануу, өздөштүрүүнү көздөгөн тексттер, күлкүлүү майда ангемелер;
- кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынан үзүндүлөр, макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар ж.б.

**5. Окуучулардын кептик компетенттүүлүгүн, практикалык машыгууларын жана жатыгууларын текшерүүдө төмөнкүлөр көңүлгө алынат**:

**А) Окуу ишмердүүлүгүндө:** Окуу ылдамдыгы 1 минутада 30 - 60 муун, окуунун мүнөзү - муундап, бара-бара шар окуу. Тексттин оордугу 5 - 7 бейтааныш сөз, тексттин татаалдыгы 15 – 20 сөз, ар бир сүйлөмдө 2 – 4 сөз болушу мүмкүн.

**Б) Жазуу ишмердүүлүгүндө:** Сүйлөмдү катасыз, элементи менен жазууга (адегенде көчүрүп, кийинчерээк угуп жазуу) көнүгүү, орфографиялык, пунктуациялык каталарын жоюу.

**В) Сүйлөө ишмердүүлүгүндө:**

- кыргыз тилиндеги тыбыштарды туура айтуусу;
- кыргызча интонацияны так сактоо;
- лексикалык каражаттарды туура, өз орду менен колдонуусу;
- грамматикалык жактан сүйлөмдүн туура курулушу;
- тексттин мазмунун туура, кыскача баяндап берүү;
- маектешүүдө суроону так коюу;
- маектешип жаткан адамдын суроосун түшүнүүсү, суроого карата жооптун шайкеш келиши;
- маектешүүнү ырааттуу уланта билүүсү;
- кыргызча кеп маданиятына жатыгуу деңгээли.
- Маектешүүдө суроо-жооп 2 – 5ке чейин болушу мүмкүн.

Башталгыч деңгээлдеги экинчи тилди билүү көндүмдөрүн өздөштүрүү этабында (жеке темаларды жана негизги темаларды киргизүү, 1-4-класстардын талаптарын киргизүү, окуу, угуу, сүйлөө, сүйлөө жана жазууда башталгыч мектеп окуучуларынын жаш куракттык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен; 1-4-класстарда, эң жөнөкөй деңгээлде кенже мектеп окуучуларынын жаш курагын эске алып, окууда, угууда, сүйлөөдө, жазууда элементардык коммуникативдик көндүмдөрү калыптандырылат; эне тилинде жана экинчи тилде (кыргыз тилде) универсалдуу тилдик түшүнүктөр, баарлашуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк калыптанат.

**Башталгыч класстарда экинчи тил катары кыргыз тилине ээ болуу деңгээлдерине талаптар**

**3-таблица.**

| Деңгээлдер / класстар | | Тил менен кептин аспектилери | Деңгээлдердин мүнөздөмөсү | Лексикалык минимум |
|---|---|---|---|---|
| **А1 – элементардыккк** | **1-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору конкреттүү темалар боюнча өзүнчө жөнөкөй сөздөрдөн жана сөз айкаштардан турат | **1-класс:** 200 - 250 сөз |
| | | **Грамматика** | Сүйлөмдөрдүн жаттап алган конструкцияларынын жана моделдеринин чектелүү санын колдоно алат | |
| | | **Угуу** | Тамгаларды жана тыбыштарды кулак менен угуп айырмалап, муундарды айырмалайт, ар бир сөздү так жана тынымдар менен айтканда айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарды түшүнөт. | |
| | | **Окуу** | Тааныш аталыштарды, сөздөрдү, жөнөкөй фразаларды түшүнөт | |
| | | **Сүйлөө** | Жакшы жаттаган жөнөкөй фразаларды кебинде колдонот. | |
| | | **Жазуу** | Жазуу техникасына, жазуунун негизги көндүмдөрүнө ээ, алфавит менен тааныш, тамгаларды туура жазат, бул мезгилде жазуунун ар кандай түрлөрү чоң мааниге ээ болот | |
| | **2-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору күнүмдүк баарлашуунун тааныш кырдаалдарында катышуу үчүн жетиштүү: мектепте, көчөдө, ашканада ж.б. | **2-класс:** 250 - 300 сөз |
| | | **Грамматика** | Окуп-үйрөнгөн жөнөкөй грамматикалык конструкцияларды туура колдонот | |
| | | **Угуу** | Ар бир сөз так, чоң тынымдар менен айтылган абдан жай кепти байкайт | |
| | | **Окуу** | Абдан кыска жөнөкөй тексттерди фразаларга бөлүп окуп, тааныш аталыштарды, сөздөрдү бөлүп окуп, керектүү учурда, кайра кайталап окуп түшүнөт | |
| | | **Сүйлөө** | Белгилүү темалардын чегинде жөнөкөй суроолорду берет, жооп берет. | |
| | | **Жазуу** | Жөнөкөй, бири-бири менен байланышпаган сүйлөмдөрдү жазат, кыргыз графикасы менен орфографиясынын жөнөкөй эрежелерин билет, жөнөкөй жазууларды жазат | |
| | **3-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору негизги коммуникативдик муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жетиштүү: билүү, суроо, суроо, кеңеш берүү ж.б. | **3-класс:** 300 - 350 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Грамматика** | Баарлашуунун тааныш кырдаалдарында жетишерлик сабаттуу кепке ээ. | |
| | | **Угуу** | Аңгеменин маанилүүлүгүнө байланыштуу фразаларды жана сөз айкаштарын (адам, анын үй-бүлөсү, сатып алуулары, эмне кайда экендиги жөнүндө жөнөкөй маалымат), так жана жай айтылганда түшүнөт. | |
| | | **Окуу** | Эң көп кездешүүчү лексиканы камтыган кыска жөнөкөй тексттерди түшүнөт. | |
| | | **Сүйлөө** | Диалогго катышуучу жай темпте сүйлөсө, диалогго катыша алат; жөнөкөй фразаларды жана сүйлөмдөрдү колдонуп, билген адамдар жана жашаган жери жөнүндө айтып берет. | |
| | | **Жазуу** | "жана", "бирок", анткени" сыяктуу жөнөкөй байламталар менен байланышкан фразалар менен сүйлөмдөрдүн катарын жазат; жазууда өз ойлорун билдирет, суроолорго жооп берет; Жөнөкөй открыткаларды (мисалы, майрам менен куттуктайм) жазат. | |
| | **4-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору көптөгөн күнүмдүк темаларга баарлашууга жетиштүү: үй-бүлө, достор, мектеп, үй, эс алуу, окуялар ж.б. | **4-класс:** 350-400 сөз |
| | | **Грамматика** | Башталгыч класстардын тематикасынын чегинде жайылган кырдаалдар менен байланышкан стандарттык конструкциялардын кайсы бир санын сабаттуу колдонот. | |
| | | **Угуу** | Ачык жана жай сүйлөгөн шартта кыска фразаларды, сөз айкаштарды, кыска аңгемелерди түшүнөт. | |
| | | **Окуу** | Кыска жөнөкөй тексттерди түшүнөт, күнүмдүк баарлашуунун жөнөкөй текстиндеги конкреттүү маалыматтарды табат: жарнамаларда, проспекттерде, менюда, жүгүртмөлөрдө. | |
| | | **Сүйлөө** | Тааныш темалардын чегинде маалымат алмашууну талап кылган жөнөкөй типтүү кырдаалдарда жөнөкөй фразалар менен сүйлөмдөрдү колдонуп баарлаша алат, өзү, өз үй-бүлөсү, окуусу, күнүмдүк жашоосу жөнүндө айтып берет. | |
| | | **Жазуу** | Жазуу формасында өз ойлорун билдирет, суроолорго жооп жазат, жеке мүнөздөгү жазууларды жазат (мисалы, бир нерсе үчүн бирөөгө ыраазычылык билдирүү), жат жазуу, башталгыч класстардын тематикасынын чегинде мини-эссе жазуу ж.б. | |
| | | **1-4- класстар:** 1250-1500 сөз | | |

Ар бир класста активдүү өздөштүрүү үчүн сөздүн нормаларын аныктоодо, бул лексикалык бөлүктөрдүн бул санын өздөштүрүү окуучуларга күнүмдүк иш-аракеттер чөйрөсүндө байланышууга мүмкүнчүлүк берет. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн эң аз дегенде 1250-1500 лексикалык бирдиктери, анын ичинен 200-250 сөз 1-класста, 250-

300 сөз – 2-класста активдүү сөз, 300-350 сөз 3-класста, 350-400 сөз 4-класста, (бардыгы 1250-1500). Пассивдүү сөздөр жалпы лексиканын ичинде 1200 кө жакын сөз берилет.

Ошентип, башталгыч мектепте **кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун максаты** кенже окуучулардын алар үчүн жетиштүү болгон деңгээлде кеп ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүндө: угуу, сүйлөө, окуу жана жазууда элементардык коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу болуп саналат.

### Кыргыз тилин жана окуу предметинин окуу жүктөмү, сүйлөшүү чөйрөлөрү жана анын базалык мазмуну

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептеринде КРнын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен жаңы окуу планына жараша кыргыз тили предмети 1-4-класстарда жумасына 3 сааттан окутулат. Тактап айтканда:

1-класста – жумасына 3 саат, бардыгы – 102 саат;
2-класста – жумасына 3 саат, бардыгы – 102 саат;
3-класста –жумасына 3 саат, бардыгы – 102 саат;
4-класста –жумасына 3 саат, бардыгы – 102 саат;

**Таблица. 1-4-класстардагы сааттарды мазмундук линия (тилкелер) боюнча бөлүштүрүү.**

| Чейрек боюнча саттар | Мазмундук тилкенин катар № | Мазмундук тилке / бөлүм | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек 27 | 1 | Үй-бүлө | 14 | 14 | 14 | 14 |
| | 2 | Мектеп | 13 | 13 | 13 | 13 |
| 2-чейрек 21 | 3 | Кызыгуулар | 13 | 13 | 13 | 13 |
| | 4 | Жыл мезгилдери | 5 | 5 | 5 | 5 |
| | | Жаратылыш. Адам. Сергек жашоо | 3 | 3 | 3 | 3 |
| 3-чейрек 30 | | Жыл мезгилдери | 7 | 7 | 7 | 7 |
| | 5 | Керектүү буюмдар | 13 | 13 | 13 | 13 |
| | 6 | Жаратылыш. Адам. Сергек жашоо | 10 | 10 | 10 | 10 |
| 4-чейрек 24 | | Жаратылыш. Адам. Сергек жашоо | 8 | 8 | 8 | 8 |
| | | Жыл мезгилдери | 8 | 8 | 8 | 8 |
| | 7 | Менин өлкөм | 8 | 8 | 8 | 8 |
| | | **Жалпы** | **102** | **102** | **102** | **102** |

| 1-класс жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Мазмун дук линия/ бөлүм / тематикалык бөлүштүрүү** | **Сааты** | **Кептик интенция** | **Кептик конструкциялар** | **Лексика** |
| **<u>Үй-бүлө</u>**<br>1. Саламдашуу**,** коштошуу **2**<br>2. Таанышуу 1<br>3. Биздин үй-бүлө 1<br>4. Биздин үйүбүз 1<br>5. Менин үйүм 1<br>6. Үйдөгү бөлмөлөр<br>7. Менин бөлмөм 1<br>8. Кичинекей жардамчы 1<br>9. Адамдын келбети<br>10. Дене мүчөлөрү 1<br>11. Менин досум 1<br>12. Текшерүү иши 2 | **14** | 1. Бирөө менен саламдашуу;<br>2. Бирөөгө өзүн тааныштыруу; Бирөөнү тааныштыруу;<br>3. Нерсе, адам тууралуу суроо; досу тууралуу айтуу;<br>4. Кимдин кайда (каерде, каякта?) экендигин айтуу;<br>**5.** Кимдин, эмненин учурда эмне кылып жатканын айтуу<br>**6.** Бир нерсенин бар же жок экенин билдирүү;<br>**7.** Кимдин (эмненин) кандай экенин сүрөттөө; | Салам. Кандайсың? Жакшы кал. Жакшы бар. Мен атым Айгүл. А менин атым Улан. Сенин атың ким? Кайсы класста окуйсуң? Канча жаштасың? Жети жаштамын. Кайда жашайсың? Канча бир тууганың бар? Досуң ким? Досум Адилет. Адилет каякта? Адилет короодо (бөлмөдө). Булар кимдер? (эмнелер). Алар: атам, апам, эжем, иним (өрдөктөр). Бул Жамалбы? Ооба, бул Жамал. Жок, ал Жамал эмес. Айжан кандай кийим кийген? Бул Жамалбы? | Үй, үй-бүлө, үй-бүлө мүчөлөрү, ата-эне, ата, апа, эне, чоң ата, чоң апа, чоң эне, бөбөк, байке, ага, ини, эже, синди, карындаш, бала, улуу, кичүү, кыз, туулган күн, майрам, белек, рахмат, дос, курбу, бөлмө, конок бөлмө, уктоо бөлмөсү, балдар бөлмөсү, ашкана, жуунучу бөлмө, короо, бакча, арык, чоң, кичине, кичинекей, узун, кыска, бой, узун бойлуу, кыска бойлуу, оор, жеңил, баш, кол, көз, мурун, ооз, кулак, курсак, бут, акылдуу, сулуу, жаш, жашта, жаштамын. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **<u>Мектеп</u>**<br>1. Менин күнүм<br>2. Биздин мектеп.<br>3. Окуучу<br>4. Окуу куралдары<br>5. Класс.<br>6. Биздин класс.<br>7. Класс кандай?<br>8. Сандар.<br>9. Канча? Нече?<br>10. Туура сана<br>11. Китепканада<br>12. Китеп – билим булагы<br>13. Текшерүү иши/ жазуу иштери | **13** | 1. Нерсе, адам тууралуу суроо;<br>2. Кимдин кайда (каерде, каякта?) экендигин суроо, айтуу;<br>**3.** Кимдин, эмненин учурда эмне кылып жатканын айтуу;<br>4. Заттын кандай экенин, канча жана канчанчы турган ордун айтуу;<br>5. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирүү<br>6. Буюмдун канча экенин, кимдики экендигин айтып, диалогго катышуу<br>7. Бир нерсеге макул эмес экендигин билдирүү | Эртең менен эрте турам. Мектепке барам. Мектепке келем. Биздин мектеп кооз, чоң. Мен окуучумун. Китеп окуйм. Класс чоң, кооз, таза. Туура сана. Китепти ач. Китепканада китептер бар.<br>Мен мектепте окуйм. Окуучулар мектепке барышат.<br>Сандарды 1ден - 7ге чейин сана.<br>Сандарды 7ден - 1ге чейин артка сана.<br>Сенде канча дептер бар? Бул кимдин дептери? Бул менин дептерим. Бул Светанын дептери. Жок, бул меники эмес. Кел, ойнойлу. Жок, ойнобойм. | Кооз, чоң, мектеп, кичине, китеп, класс, сабак, китепкана, отур, тур, оку, китеп, дептер, барак, калем сап, китепкап, такта, доска, класстык бурч, тизме, бор, чүпүрөк, өчүргүч, сызгыч, учтагыч, сөздүк, калем, тапшырма, көнүгүү, ката, туура, суроо, жооп, тур, отур, кел, тартип, тазалык, күндөлүк, бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, канча, сана, менин, сенин, анын, биздин, силердин, алардын, артка, алдыга, меники, сеники, ооба, жок, кел, жүр, кара, ач, жаз, кайтала. |
| **<u>Кызыгуулар</u>**:<br>1. Оюн<br>2. Оюнчуктар<br>3. Оюнчуктар дүкөнү<br>4. Китептер<br>5. Кесип<br>6. Кино<br>7. Театр<br>8. Музей<br>9. Эс алуу | **14** | 1. Досу / бирөө менен сүйлөшүү. Анын буюмун сурап алуу.<br>2. Кимге эмне жагарын сурап билүү; (эмне, кайсы оюнчук?)<br>3. Эмненин кандай экенин сүрөттөө;<br>4. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирүү<br>5. Буюмдун кимдики экендигин айтып, диалогго катышуу<br>6. Бир нерсеге макул эмес экендигин билдирүү | Кайсы оюнду ойнойбуз? Тилек, ойнойсуңбу? Бул топ кимдики? Бул меники.<br>Кемелге эмне жагат? Мага оюнчук машине жагат. Сагачы? Мага мамалак жагат. Мамалак жумшак. Машине чоң. Бул топ кичинекей. Менин оюнчугум кооз. Сенин тобуң барбы? Ооба, менин тобум бар. Жок, менин тобум жок.<br>Биз ойноп жатабыз (силер ойноп жатасыңар, алар ойноп жатышат).<br>- Музейге баралы. Жүр. | Кызыгуу, оюнчук, ойно, чурка, ырдоо, бий, бийлөө, сүрөт тартуу, машыгуу, ойноо (футбол) баруу, жактыруу, кесип, , мугалим, тарбиячы, доктур, дарыгер, тиш доктур, котормочу, оюн, спектакль, көрүү, бар, кызыктуу, кара-, көр-, эс алуу, дем алыш, жакшы көр, бар, барбы, жок, ооба, кел, суктан- , ойнойм, ойнойбуз, ойнойсуң, ойнойсуңар, ойнойт, ойношот, жумшак, кичине, чоң, жагат, жакпайт, бер, ал, мына, кана, макул, макул эмесмин. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | - Жок, мен барбайм. Мен киного барам. | |
| **<u>Жыл мезгилдери</u>**<br>1. Жыл мезгили<br>2. Күз мезгили<br>3. Күзүндө<br>4. Кыш мезгили<br>5. Жаңы жыл майрамы<br>6. Жаз мезгили<br>7. 8-март майрамы<br>8. Нооруз<br>9. Жай мезгили<br>10. Жайкы каникул<br>11. Апта күндөрү<br>12. Убакыт<br>13. Саат канчада?<br>14. Аба ырайы | **14** | 1. Жыл мезгилдерин сүрөттөө, суроо берүү;<br>2. Майрам менен куттуктоо;<br>3. Каалоосун билдирүү;<br>4. Майрамды сүрөттөө;<br>5. Майрамда эмне кыларын айтуу;<br>6. Майрам тууралуу суроо;<br>7. Качан, кайсы убакта кайда барарын суроо, айтуу;<br>8. Убакыт / саат канча болгонун сурап билүү; | Бир жылда 12 ай бар. Төрт мезгил бар. Бир мезгилде 3 ай бар. Азыр кайсы мезгил. Азыр күз мезгили. Азыр кыш мезгили. Азыр жаз. Азыр жай. Эми жай келет. Күзүндө кооз. Жалбырактар саргаят. Жаан жаайт. Күн салкын болот. Күн кыскарат, түн узарат. Кар жаайт. Суук болот. Ак кар кооз. Суу тоңот. Муз тебебиз. Балдар жылуу кийинет. Жылгаяк тебишет. Кар киши жасайм. Кыш айлары: декабрь, январь, февраль. Жаз айлары: март, апрель, май. Жай айлары: июнь, июль, август. Күз айлары: сентябрь, октябрь, ноябрь. Бүгүн кайсы күн? Бүгүн дүйшөмбү. Саат канча болду? Саат 10 болду. | Күз, күз айлары, күз мезгили, күзүндө, жаз, жаз айлары, жаз мезгили, жазында, кыш, кышында, кыш мезгили, кыш айлары, жай, жайында, жай айлары, жай мезгили, кечинде, кеч, мурда, кечээ, бүгүн, азыр, эртең, бүрсүгүнү, күн, жума, ай, жыл, жыл мезгили, быйыл, бул жылы, күн сайын, дайыма, жыл сайын, ай сайын, жума сайын, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби, жекшемби, дем алыш күнү, аба ырайы, жогору, төмөн, суук, муздак, жылуу, ысык, салкын, жаан, кар, шамал, күн ачык, чөп, гүл, арча, тал, Нооруз, майрам, таза, майрамдайт, убакыт, күн менен түн, жума, апта. |
| **<u>Керектүү буюмдар</u>**<br><br>1. Кийим-кече<br>2. Кийим-кече дүкөнү<br>3. Тамак-аштар<br>4. Тамак-аш дүкөнү<br>5. Идиш-аяк | **14** | 1. Буюмдардын кайда экенин суроо. Кимдин, эмненин учурда эмне кылып жатканын айтуу;<br>2. Заттын кандай экенин айтуу, жазуу<br>3. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирүү<br>**4.** Буюмдун кимдики экендигин айтып, диалогго катышуу | Ооба, (менде, сенде, анда, бизде, силерде, аларда) телефон бар (жок)<br>-Сен каякка барасың?<br>-Мен үйгө (стадионго) барам.<br>Көйнөк кооз, жарашыктуу.<br>Тилек, жүр түшкү тамакты ичели.<br>Кайрат, кашыкты алып берчи. Мына.<br>Сенин кол кабың барбы? Бар. | идиш-аяк, чыны, чайнек, табак, кашык, чай кашык, аш кашык, бычак, чака, саат, төшөк, жууркан, жаздык, кайчы, самын, үстөл, отургуч, керебет, китеп шкаф, идиш салуучу шкаф,<br>күзгү, кийим-кече, буюм, нерсе, баш кийим, жоолук, калпак, тон, көйнөк, шым, бут кийим, өтүк, мээлей, кол кап,тамак-аш, суу, нан, эт, тооктун эти, балык, жумуртка, сүт, каймак, май, быштак, кант, туз, чай, шире. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. Идиш-аяк дүкөнүндө<br>7. Эмерек<br>8. Үйдөгү буюмдар | | | Бул китеп Асандыкыбы?<br>Китеп Асандыкы эмес, Сергейдики. | |
| **<u>Жаратылыш, адам, сергек жашоо</u>**<br><br>1. Түстөр<br>2. Күн желеси<br>3. Жемиштер<br>4. Жашылчалар<br>5. Үй жаныбарлары<br>6. Үй жаныбарларынын балдары<br>7. Үй канаттуулары<br>8. Жапайы жаныбарлар<br>9. Жапайы жаныбарлардын балдары | **15** | 1. Заттын көп / аз экенин айтуу, жазуу;<br>2. Заттын кандай экенин айтуу, суроо, жазуу;<br>3. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирүү<br>**4.** Бир нерсеге макул же макул эмес экендигин билдирүү;<br>5. Кайда барганын баяндоо;<br>6. Сергек жашоо тууралуу ой жүгүртүү;<br>7. Аракеттерди баалоо; | Мен чоң атамдын үйүнө бардым. Чоң атамдын багында жемиштер көп. Багы абдан чоң. Бакта өрүк, жаңгак өсөт. Мен жаңгак терип, ага жардам бердим. Жазында жайлоого барам. Жайлоодо чоң атам, чоң энем жана байкем бар. Алар мал багышат. Чоң атамдын эки төөсү, жети бээси бар. Мен байкем менен аларды кайтарам. Аарылар талаадагы гүлдөрдүн ширесин чогултуп, бал берет. Бал ден соолукка пайдалуу. Балдын даамы таттуу. Бал даамдуу.<br>- Сен балды жакшы көрөсүңбү? Ооба, жакшы көрөм. Жок, жаман көрөм.<br>Ден соолукту сактайлы! Таза абада сейилде. Убагында жат. | өң, түс, ак, кара, кызыл, көк, жашыл, сары, боз, күрөң, жемиш, алма, алмурут, кара өрүк, шабдалы, өрүк, алча, чие, анар, жүзүм, карагат, картошка, бадыраң, пияз, сабиз, ашкабак, кызылча, коон, дарбыз, дарак, арча, кайың, терек, тоо, токой, буудай, убакыт, мүнөт, саат, эртең менен, түштө, түштөн кийин, күндүз, тоо, таш, талаа, суу, көл, жаратылыш, жылдыз, жаныбар, үй жаныбары, ит, күчүк, мышык, кой, козу, эчки, улак, эшек, уй, музоо, жылкы, ат, кулун, тай, түлкү, бачик, карышкыр, бөлтүрүк, аюу, мамалак, бугу, чычкан, коён, чымчык, торок, короз, балапан, жөжө, куу, бүркүт, бака, балык, сүрөт тартат, күн желеси, боёк. |
| **<u>Менин өлкөм</u>**<br>1. Ата мекеним<br>2. Бишкек – Кыргызстандын борбору / менин шаарым<br>3. Менин айылым | **15** | 1. Заттын көп же аз экенин айтуу, суроо, жазуу;<br>2. Заттын кандай экенин айтуу;<br>3. Кыймыл-аракеттин бир жакка багытталгандыгын айтуу<br>**4.** Бир нерсеге макул / макул эмес | Кыргызстанда тоолор, суулар көп.<br>Айылда автобус аз.<br>Бул үй – бийик.<br>(Бул шире таттуу). Биз Кыргызстанда жашайбыз.<br>Кыргызстан – көп улуттуу өлкө. | Өлкө, Кыргызстан, борбор, шаар, айыл, кыштак, музей, китепкана, бала бакча, сейил бак, гүлбак, дүкөн, базар, оорукана, көчө, айдоочу, аянт, аялдама, маданият, улут, улуттук оюн, улуу, мамлекет, эл, тоо, көл, суу, дарыя, дарек, көчө, жактырат, берет, сыймыктанат, сүйөт, майрамдайт, айтат, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. Менин дарегим<br>5. Маданият<br>6. Улуттук оюндар<br>7. Ысык-Көл | | экендигин билдирүү;<br>**5.** Сезимдерин билдирүү | Бул Тилек. Анын улуту – кыргыз. Бул Алина. Алинанын улуту – орус. Бул Роза. Роза – өзбек. Бул Руслан. Русландын улуту – татар. Биз Ата мекенибизди сүйөбүз. | сүйүнөт, кубанат, сезет, максат, сый, көңүлдүү, сылык, күч, жашоо, дарек. |

## 2-класс жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат

| № | Мазмун<br>дук тилке/ бөлүм / тематикалык бөлүштүрүү | Сааты | Кептик интенция | Кептик конструкциялар | Лексика | Грамматика |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жолугушалы деп сүйлөштү. Фестиваль баарына жакты.- Руслан, сен бошсуңбу? Жүрү, Зина энеге барып жардам берели. Зина эне ооруп жатыптыр. Ооба. Өзү чака көтөрө албайт да. Короосу да чачылып кетиптир. Жүрү,  анда. Мен суу ташыйын, сен короону шыпыр. Ооба,улууларга урмат кылыш керек. Короодо кичинекей балдар үчүн кум төгүлгөн. Күн жылуу болгондо апалар балдары менен ушул жерге келишет. Бөбөктөр кумда ойношот. Каакымдарды тигишет. Кичинекей чакалары менен аларды сугарышат. Бир күнү 4-5 жаштагы балдар ойноп жатышкан. Кошуна үйдөгү бала келип, кумдун баарын чачып салды. Анан бирөөнүн оюнчук күрөгүн сындырып койду. Бөбөктөр ыйлап калышты. -Эже, мага китеп берип коёсузбу?- Кайсы китепти?- Мага “Кыргыз эл жомоктору”керек. | чака, короосу, чачылып, кетти, жүрү, суу, ташыйын, короону, шыпыр, улууларга, урмат, короодо, кичинекей, балдар, кум, күн жылуу, апалар, балдары, ушул, жерге, бөбөктөр, кумда, ойношот, каакымдарды,тигишет, кичинекей, чакалары, менен, аларды, сугарышат, бир күнү, жаштагы, балдар,ойноп жатышкан, кошуна, үйдөгү, бала, чачып салды,анан, бирөөнүн оюнчук, күрөгүн, сындырып койду, бөбөктөр, ыйлап,калышты, китеп, | |
| | | | | | | |

## 4-класс жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат

| № | Мазмун<br>дук тилке/ бөлүм / тематикалык бөлүштүрүү | Сааты | Кептик интенция | Кептик конструкциялар | Лексика | Грамматика |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Мектеп**<br>1.Саламдашуу, коштошуу<br>2.Жаңы окуу жылы<br>3.Менин мугалимим<br>4.Менин окуу күнүм<br>5.Мектептин ашканасы | | 1.Саламдашуу. Мугалим менен саламдашуу. Достору менен саламдашуу.<br>3.Мугалими жөнүндө айтып берет.<br>4.Окуу күнү жөнүндө суроо<br>5.Мектеп ашканасы жөнүндө сүйлөп берүү | Саламатсызбы, Айгүл эже. Амансызбы, чоң ата, чоң апа, таята, таене! Аманчылык, балам, кызым, айланайын. Менин мугалимим Айгүл эже. Ал кыргыз тилинен сабак берет. Сабактан кызыктуу аңгемелерди айтып берет. Менин окуу күнүм. Окуу күндөрү дене тарбия, сүрөт, мекен тануу сабактары болот. Мектептин ашканасы. Биздин мектепте ашкана бар. Ал биринчи кабатта жайгашкан. Ашкана кенен, таза, жарык. Көрүнүктүү жерде "Тамагыңар таттуу болсун!" деп жазылган. | **Жаңы сөздөр:** амансызбы, аманчылык, көрүшкөнчө, айлана, шаңдуу, салтанат, чарбак, ой, кеме, балалык, мээримдүү, ангеме, эсеп, окуу сабагы, машыгабыз, чыңдайбыз, тамагыңар таттуу болсун, кенен, көрүнүктүү жерде, чоң танаписте, таштабагыла, сыйкырдуу. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жаратылыш**<br>1.Сыйкырдуу жашылчалар<br>2.Күн нурун чачсын<br>3.Бадыраң менен капуста<br>4.Дарак ыйлайбы?<br>5.Жемиш багы<br>6.Суу | | 1.Жашылчалардын түсү, формасы, даамы жөнүндө сүйлөшүү.<br>2.Текст менен иштөө<br>3.Жомоктун маанисин талкулоо<br>4.Чын эле дарак ыйлайбы? Окуучулардын оюн билүү<br>5. Жемиш багында эмнелер өсөөрүн суроо<br>6.Суунун ыйыктыгы, аруулугу тууралуу сүйлөшүү | Бир күнү апам базардан жашылчаларды алып келди. Аларды жууп, тазалап бизге кайрылды.<br>-Азыр помидордон, бадыраңдан салат жасайбыз.<br>-Мына помидор. Ал тоголок. Илгери бадыраң менен капуста жакшы достор экен. Бир күнү алар сууга түшкөнү көлгө барышат. Кеч кирет. Бадыраң сууда үшүп кетет. Денеси бүдүрөйүп чыгат. Капуста болсо дагы деле кийимин чечип бүтө элек. Ошондон бери бадыраңдын денеси бүдүрөйүп калыптар. Марат таш мылтык жасаганы ачакей жыгач издеп ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнө маки алып чыгып, кайыңдын бутагын кесип алды. Ошондон кийин кайыңдан тамчы тамып жатты. Айылда чоң атам жемиш бактарын өстүрөт. Жазында бактар жашылданып, гүлдөп башташат. Күз мезгилинде бышкан жемиштерди бизге салып жиберет. Суусуз өмүр жок. Чын эле, суу кымбат. Суу эч качан “чарчадым” дебейт. | **Активдүү сөздөр:**<br>Сүйрү, үч бурчтук, төрт бурчтук, күн нуру, шашма, бүдүрөйүп, тез-тез, чеч, кайың, бутак, жабыркайт, тамчы, көз жаш, ачакей, таш мылтык, маки, жемиш багы, мөмө, жыты аңкыган, кургатылат, ширин, гүлдөйт, жашылданат, бүрдөйт, булак, кирди кетирет, пейили кең, сергитет, суусунду кандырат, чарчады. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Кызыгуулар**<br>1.Тургунбай Садыков<br>2.Меймандостук.<br>3.Боорсок кантип жасалат?<br>4.Нан кантип жасалат?<br>5.Айылдагы эмгек жана шаардагы эмгек<br>6.Эмгек каармандары<br>7.Туризм | | 1.Таланттуу скульптор, сүрөтчү Тургунбай Садыков жөнүндө маектешүү<br>2.Кыргыздын меймандостугу жөнүндө маалымат алуу<br>3.Боорсоктун кантип жасаларын суроо<br>4.Нандын жасалышы тууралуу сүйлөп беришет.<br>5.Айылдагы жана шаардагы эмгекти айырмалап айтып берүү<br>6.Эмгек каармандары жөнүндө түшүнүк алуу<br>7.Туризм тууралуу маалымат алуу | Кыргыз Республикасынын Баатыры, кыргыз элинин таланттуу скульптору, эл сүрөтчүсү. Ал бала кезинен эле сүрөтчү болууну каалаган. Кыргыз эли меймандос эл. “Төргө өтүңүз” “нан ооз тийиңиз” деген сөздөрдүн мааниси чоң. Үйгө мейман келсе жакшы маанай менен тосуп алуу керек. Алтынай:<br>-Апакем боорсокту сонун жасайт. Эң биринчи унду ээлеш керек. Камырга ачытки кошулуп, сүткө жуурулат. Асан:<br>-Менин эжем Асыл Ош шаарында жашайт. Ал тигүү цехинде иштейт. Эжем кыздардын көйнөктөрүн тигет. Сыргак:<br>-Мен айылда жашайм. Биздин чакан чарбабыз бар. Ал жерде жашылча өстүрөбүз. Белгилүү инсандардын эмгектери менен тааныштыруу. | **Жаңы сөздөр:**<br>Таланттуу, чопо, коло, болууну каалаган, чыгармачылык иши, меймандостук, мейман, конок, маанай, дасторкон, тосуп алат, боорсок, камыр, көңүлдүү, көтөрүлөт, ачыткы, ун, камыр, өсүмдүк майы, чара, буудай, тегирмен, талаа, дыйкан, ишкана, таштанды, тигүү цехи, дыйкан, зыянкеч, көчөт, каарман, эмгекчил, таланттуу, чопо, коло, өлкө, саякатчы, кооз, | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Менин өлкөм**<br>1.Ата Мекеним<br>2.Бишкек шаары<br>3.Манастын кумбөзү<br>4.Манас баатыр<br>5.Соң-Көл<br>6.5-май конституция күнү<br>7.9-май Жеңиш күнү | | 1.Ата Мекен жөнүндө ойлорун билүү<br>2.Өзүнүн жашаган шаары жөнүндө суроо<br>3. Манастын күмбөзүнө саякаттоо<br>4. Манас баатыр жөнүндө маалымат берүү<br>5. Соң-Көл жөнүндө маектешүү<br>6. Конституция жөнүндө маалымат алуу<br>7. Жеңиш майрамы тууралуу сүйлөшүү | Ар бир адамдын өз мекени болот. Биздин мекенибиз- Кыргызстан. Ал өз алдынча эркин мамлекет. Ата Мекенибиз өз ата –энедей ыйык. Кыргызстандын борбору- Бишкек. Биздин шаарда ар улуттун өкүлдөрү жашайт. Мен Бишкек шаарын сүйөм. Манастын күмбөзү Талас облусунда жайгашкан. Күмбөздө Манастын эстелиги кырк чоросу менен биргеликте тургузулган. Манас- кыргыз элинин ири “Манас” эпосунун каарманы. Ал өз элин, жерин коргогон баатыр болгон. Анын кырк чоросу болгон. Соң-Көл көлү бийик тоолордун арасында жайгашкан. Анын жаратылышын курчаган бийик тоолор көркүнө чыгарып турат. Жыл сайын 5-майда Конституция күнү белгиленет. Кыргызстан эгемендик алгандан кийин туусу, герби, гимни кабыл алынып, булардын баары конституция менен бекитилет. Улуу Ата Мекендик согуш. Ал төрт жылга созулду. Өз мекенин коргоп, канча жоокер курман болду? Согушка кеткендердин азы эле кайтып келди. Элдин кыйналганычы? Ачкачылык. | Жаңы сөздөр:<br>Даңкталат, калк, кереметтүү, эгемендүүлүк, эркин, көрк кошот, эстелик, борбор, шаар, аянты, улут, тургун, күмбөз, баатыр, кырк чоро, биригишкен, жол башчы, кеңешчи, калыс, коргогон, кызмат кылуу, чечкиндүү, эр жүрөк, көл, көз жоосун алган, тереңдиги, курчаган, жаратылыш, көрк, бийик, эгемендик, түптөлгөн, туу, ыйык, өлкө, токчулук, азап-тозок, курман болду, жоокер, созулду. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Ден соолук**<br>1.Ден соолук<br>2.Дарыгердин кабыл алуусунда<br>3.Дарыканада<br>4.Иса Ахунбаев | | 1.Ден соолукту кантип чыңдоо керектигин суроо<br>2.Ооруп калганда эмне кылуу керектигин суроо<br>3. Дарыканада кантип соода кылаарын суроо<br>4.Белгилүү врач жөнүндө маалымат алуу | Асандын эти ысып, чүчкүрүп, ооруп жатып калды. Апасы аны дарыгерге алып барды. Дарыгер Асанды текшерип, дары жазып берди. Оорудан алыс болуш үчүн пайдалуу жемиштерди көбүрөөк жеш керектигин айтып берди. Асандын тамагы кызарып калыптыр.<br>-Саламатсызбы, сизде бул дарылар барбы?<br>-Бар, берейинби?<br>-Ооба, аларды кантип ичүү керек?<br>-Дарыны 3 маал ичүү керек. Эртең менен, түштө, кечинде.<br>-Рахмат. Саламатта калыңыз! | **Жаңы сөздөр:** жөтөлдү, чүчкүрдү, эти ысыды, суук тийиптир, ал-жайы, дарыгер, оорукана, тез жардам, сасык тумоо, кызарып калыптыр, тыңшап көрөйүн, дем алыңыз, жөтөлөт, чыйрыгат, мурду бүтөт, чүчкүрөт, мамлекеттик, оорукана, өмүр, сыйлык. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жыл мезгилдери**<br>1.Күз мезгили<br>2.Күзгү токой<br>3.Он эки бир тууган<br>4.Кышка даярдык<br>5.Кыш мезгили.<br>Кышкы оюндар<br>6.Кышкы эмгек<br>7.Жаңы жыл<br>8.Жаз мезгили<br>9.Май айы<br>10.Жай мезгили | | 1.Күз мезгили жөнүндө сүйлөшүү<br>2.Аңгеме эмне жөнүндө экенин талкуулоо<br>3.Айлар жөнүндө сүйлөшүү<br>4.Үй бүлөсү кышкыга кандай даярдык көрөөрүн суроо<br>5.Кышында кандай оюндарды ойной тургандарын талкуулоо<br>7.Үй бүлөлүк майрам жөнүндө маектешүү<br>8.Жаратылыштын өзгөрүүлөрү жөнүндө сүйлөшүү<br>9. Майдын кооздугу жөнүндө маектешүү<br>10.Жайкы эс алуулары жөнүндө сүйлөшүү | Күз мезгили. Мына күз да келди. Жалбырактар саргайып, түшө баштады. Канаттуулар жылуу жакка учуп жөнөштү. Күзүндө түшүм майрамы болот. Түшүм мол болуп, жашылча-жемиштерди жыйнашат. Күзгү токойду аралаганды жакшы көрөм. Түндө көлчүктөр тонуп калыптыр. Дарактардын сары, кызыл жалбырактары түшүп калган. Эмен менен кайындар үшүп жатат. Он бир тууган бул он эки ай. Ар бир айдын өзүнүн кызматы бар. Бири жерге кар жаадырат. Бири жаан-чачын жаадырып, кургактыктан сактайт. Бири нурун чачып жер –жемиштерди бышырат. Биз айылда жашайбыз. Кышка кам көрүп жатабыз. Айбек байкем экөөбүз отун араалап жатабыз. Нурбек байкем балта менен жарып жатат. Мына, кыш да келди. Калың кар жаап, жер аппак болуп жатат. карасаң кандай сонун. Жакында Жаңы жыл майрамы келет. Бул үй бүлөлүк майрамды биз дайым үйдө жакындарыбыз менен тособуз. Мен апама даамдуу тамактарды жасаганы жардам берем. Жаз да келди. Күн тийип турат. Байчечекейлер пайда болду. Келгин куштар да | Активдүү лексика :түшүм, мол, жыйнашат, саргайып, булуттар, береке, кургак, үзөбүз, көлчүк, токой, ийин, эмен, бутак, аралаганды, майда жандыктар, чыйпылдап жиберди, бир тууган, нур, коргойт, биригип, балта, көмүр, отункана, отун, араалайт, жарат, кам көрөт, аба, сейилдөө, бир топ, айрым, кээ бир, кар киши, кардан жасады, кар жаап, балаты, белек, майрамдоо, конок тосуу, балатыны кооздоо, жылдыз, даамдуу, жакында, жардам берем,жаркырап тийип турат, уя, көчөт, сайрайт, жаз келди, акташат, көк чөп, гүлдөйт, байчечекей, бийик дарак, талаа, куштар сайрайт, келгин куштар, жылуу, жамгырдан кийин, жагымдуу, жылынып жатышты, жай, балапан, сууга түшөбүз, кооз, пайдалуу. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Эс алуу**<br>1.К. Молдобасанов<br>2.Комуз<br>3.Цирк<br>4.Тарых музейи<br>5.Автобуста<br>6.Күн тартибим | | 1.Улуу инсан тууралуу маалымат алуу<br>2.Аспап тууралуу маалымат алуу<br>3.Цирк жөнүндө маалымат алуу<br>4.Музей жөнүндө маектешүү<br>6.Күн тартибин суроо | К.Молдобасанов Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районунда туулган. комуздун айтып бүткүс тарыхы бар. Комуздун коштоосунда ырдап жүргөндөр арбын. Күүнүн башы камбаркан. Илгери өткөн заманда Камбар аттуу мергенчи болгон экен. Цирк эң байыркы оюндардын бири. Майрам күндөрү акробаттар, жаныбарларды үйрөтүүчүлөр оюн көрсөтүшчү. Мындай оюндар ушул күнгө чейин сакталып келген.<br>- Саламатсызбы, билет сатылабы?<br>- Саламатчылык, ооба канча билет керек?<br>- Эки билет берип коесузбу, канча сом турат?<br>- Баасы эки жүз сом .<br>- Ыракмат. Мен саат 7.00 до турам. Бетимди жууйм. Эртең мененки көнүгүүнү жасап, тамактанам. Түштө көңүлдүү ойноймм. Кечинде сабак окуп, тамактанам. Түндө уктайм. | Манасчы, атактуу, таланттуу, инсан, туулган, мергенчи, илгери, күү, аттуу, өткөн заманда, коштоосунда, арбын, оюн, маскарапоз, жаныбарларды үйрөтүүчү, ат үстүндөгү оюн, сакталып келген, тарых, дүйнө таануу, заңгыраган, кеңейтет, имарат, байыркы буюмдар, заңгыраган, көнүгүү жасайм, түштө , кечинде, түндө, эртең менен, көңүлдүү. | |

## ПРОГРАММАНЫН МАЗМУНУ

### 1-класс. Элементардык (карапайым) деңгээл: алгачкы көндүмдөр

**Предметтик компетенттүүлүктөр**

**I. Кептик компетенттүүлүктөр**

**Угуу ишмердиги**. Мугалимдин айтуусунда жана окуп берүүсүндө сөздөрдү, анда катышкан кыргыз тилиндеги төл тыбыштарды туура угуу жана ага жатыгуу.

**Сүйлөө ишмердиги.**

*Маек кеби:* Мугалим жана окуучу менен саламдашып, учураша билүү, күндөлүк окуу-таануу, өздүк, социалдык-маданий, каалоо-кызыкчылык жана жүрүм-турум, этикет чөйрөлөрүнө ылайык, эң жөнөкөй темаларда, карапайым деңгээлде, предметтерди сурап-алуу, маалыматтарды сурап алуу маанисинде чакан формада маектеше алуу.

*Жеке кеп:* күндөлүк окуу-таануу, өздүк, социалдык-маданий, каалоо-кызыкчылык жана жүрүм-турум, этикет чөйрөлөрүнө ылайык, эң жөнөкөй темаларда, карапайым деңгээлде маалыматтарды чакан формада айтып, оюн билдире алуу.

Нерселердин эмне, кандай, канча жана кимдики экендиги, анын кайда турары, кимдин эмне кылып жаткандыгы тууралуу жөнөкөй, карапайым деңгээлде баяндап берүүгө жетишүү. Мындай баяндоолордо сүйлөм эки же үч сөздөрдөн туруп, беш-алды сүйлөмгө чейин болуусу мүмкүн.

**Окуу ишмердиги:** кыргыз тилинде предметтердин аталыштарын жана чакан толук эмес диалогдордо өз оюн билдирип, толуктап жаза алуу.

**I. Тилдик компетенттүүлүктөр**

**Фонетика***:* Кыргыз тилинин төл тыбыштары: ө. ү, ң, кы, гы, ж жана созулма үндүүлөр: аа, оо, уу, ээ, өө, үү жана алар катышкан сөздөр

**Лексика***:* Активдүү лексика: 110-120 сөз, пассивдүү: 50-70 сөз

**Грамматика***:* Ким? Эмне? - деген суроолорго жооп берген зат атооч сөздөрү жана ат атоочтор; Кайда? Кана? Каерде? -деген суроолорго жооп берген заттын турган ордун билдирүүчү сөздөр; Канча? Канчоо? Канчанчы? Неченчи? – деген суроолорго жооп берген заттын санын жана иретин (1-100) билдирген сөздөр, **-ынча** мүчөсүнүн варианттары; Кайда? Каякка? деген суроолорго жооп берүүчү заттын кыймыл-аракетинин багытын билдирген сөздөр; Кандай? - деген суроого жооп берген заттын сапатын билдирген сөздөр; **Эмне кылат? Эмне кылып жатат? Эмне кылып жатышат?** деген суроолорго жооп берген этиш сөздөрү, **-ышат** мүчөсүнүн өзгөрүү варианттары. Илик жөндөмөнүн **-нын** мүчөсүнүн зат атоочторго жалганышы; сурама **-бы** бөлүкчөсү; **ооба, жок, эмес** деген кызматчы сөздөр; 1-2-3 - жактын жак таандык **-ым, -ың, -ы** мүчөлөрү, алардын өзгөрүү варинттары. Мезгилди билдирген тактооч сөздөрү. Буюруу маанисиндеги сөздөр.

**II. Тилдик компетенттүүлүктөр**

**Фонетика***:* Кыргыз тилинин төл тыбыштары: ө. ү, ң, кы, гы, ж жана созулма үндүүлөр: аа, оо, уу, ээ, өө, үү жана алар катышкан сөздөр

**Лексика***:* Активдүү лексика: 110-120 сөз, пассивдүү: 50-70 сөз

**Грамматика***:* Ким? Эмне? - деген суроолорго жооп берген зат атооч сөздөрү жана ат атоочтор; Кайда? Кана? Каерде? -деген суроолорго жооп берген заттын турган ордун билдирүүчү сөздөр; Канча? Канчоо? Канчанчы? Неченчи? – деген суроолорго жооп берген заттын санын жана иретин (1-100) билдирген сөздөр, **-ынча** мүчөсүнүн

варианттары; Кайда? Каякка? деген суроолорго жооп берүүчү заттын кыймыл-аракетинин багытын билдирген сөздөр; Кандай? - деген суроого жооп берген заттын сапатын билдирген сөздөр; **Эмне кылат? Эмне кылып жатат? Эмне кылып жатышат?** деген суроолорго жооп берген этиш сөздөрү, **-ышат** мүчөсүнүн өзгөрүү варианттары. Илик жөндөмөнүн **-нын** мүчөсүнүн зат атоочторго жалганышы; сурама **-бы** бөлүкчөсү; **ооба, жок, эмес** деген кызматчы сөздөр; 1-2-3 - жактын жак таандык **-ым, -ың, -ы** мүчөлөрү, алардын өзгөрүү вариниттары. Мезгилди билдирген тактооч сөздөрү. Буюруу маанисиндеги сөздөр.

**III. Социомаданий компетенттүүлүктөр:**

- Кыргызча саламдашуу, учурашуу этикетине үйрөнүү;
- Кыргыз Республикасы, кыргыз эли, улуттук кийимдери, салт-санаасы, тамак-ашы тууралуу таанышуу;
- кыргыз элинин маданий-этнографиялык жайлары, улуу адамдары туурасында маалыматтуу болуу;

**IV. Окурмандык компетенттүүлүктөр:**

- үн чыгарып жана ичинен туура жана шар окуу;
- окуганынын/укканынын мазмунун түшүнүү;
- Кыргыз жомокторун, макал-лакаптарын, балдар үчүн элдик ырларын окуп-таанышуу.

## 2-класс. Элементардык (жөнөкөй) деңгээл. Тилдик жана кептик көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили.

**Предметтик компетенттүүлүктөр**

**I. Кептик (коммуникативдик) компетенттүүлүктөр:**

**Сүйлөө. Маек кеби.** Темага жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша, грамматикалык категорияларды колдонуп, кыска маектешүүлөргө катышуу, оюн айта алуу.

**Жеке кеп.** Үйрөнгөн лексикалык, грамматикалык формаларды колдонуп, кыска жана жөнөкөй мазмунда өз оюн өз алдынча айта алуу. Көргөнү, укканы тууралуу жөнөкөй баяндоо, көрүнүштү, буюмду жөнөкөй сыпаттоо.

**Угуу.** Мугалимдин жекече кайрылууларын, классташтарынын айткан жөнөкөй деңгээлдеги сөздөрүн, айтылган жөнөкөй жарыяларды, кайрылууларды өтүлгөн грамматикалык - лексикалык материалдардын чегинде, сүйлөшүү сфераларга жараша туура угуп түшүнүү, сүйлөшүүгө даяр болуу.

**Окуу.** Берилген темага жараша, үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык минимумдун чегиндеги чакан, жөнөкөй тексттерди окуу жана түшүнүү.

**Жазуу**. Таянычтар менен (сүрөт, сюжеттик сүрөттөр, таяныч сөздөр, таяныч сүйлөмдөр, видео) жазуу. Мугалимдин берген үлгүсүн талдоо аркылуу үлгүгө карап жазуу.

**II. Тилдик компетенттүүлүктөр**

**Фонетика.** Кыргыз тилинин төл тыбыштары, алардын айтылышы менен жазылышы, аларды кайталап эске түшүрүү жана сүйлөөдө, жазууда колдонуу

**Лексика.** Активдүү жана пассивдүү лексика, анын ичинен активдүү лексика: 220-250 сөз.

**Грамматика.** Сүйлөм, оюн сүйлөм түрүндө бере билүү. Сөздөрдүн орун тартибин сүйлөөдө туура сактоо. Ойду жай сүйлөм түрүндө айтуу, анын аягына чекит коюлушу; Оюн суроолуу сүйлөм менен берүү, аягына суроолуу белгинин коюлушу; Сөзгө **-бы** сурама бөлүкчөсүнүн уланышы; Ким? Кимдер? Эмне? Эмнелер? Кимдики?

Кимдин? Эмненин? Канча? Канчанчы? - деген суроолорго жооп берип оюн билдирүү. Орунду билдирүүчү алдында, артында, жанында, ичинде сөздөрү; Кайда? Каерде? Кандай? деген суроолорго жооп берип, оюн билдирүү.

Бирөөгө буюруу иретинде кайрылуу; - чы сурама бөлүкчөсү; этиштин терс маанисин уюштурган **-ба** мүчөсү; Эмне кылат? Эмне кылып жатат? Эмне кылды? Ким (эмне) кайда (каякка) барат? Ким (эмне) кайдан келди? Ким (эмне) качан эмне кылат (эмне кылды, эмне кылат, эмне кылып жатат)? Убакытты саат менен билдирүү, Эмне жагарын, эмне жакпай турганын сүйлөшүүдө билдирүү.

Керек, керекпи, керек эмес сөздөрүн сүйлөшүүдө колдонуу; Бир нерсени аткарууга уруксат суроо (-бы жана эмес бөлүкчөлөрү); Бар, жок, бар экен, жок экен сөздөрүн колдонуп оюн айтуу; Кыргызча кечирим суроого үйрөнүү; Ким канча жашта экенин сурап билүү; ким кайда жашай турганын айтуу; Бар, жок сөздөрүн колдонуп оюн билдирүү.

**III. Социомаданий компетенттүүлүктөр:**

**-** Кыргыз Республикасынын улуттук символдору, кыргыз элинин улуттук буюмдары, табияты, белгилүү адамдары жана жерлери тууралуу маалымат алуу.

**IV. Окурмандык компетенттүүлүктөр:**

- Кыргыз балдар адабиятынын элдик үлгүлөрүнөн, жазма адабияттын учурдагы үлгүлүү ыр, аңгеме, жомокторү, табышмактары жана жаңылмачтары менен таанышуу, аларды окуп-үйрөнүү;

- текстер форматы боюнча туташ (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү) жана туташ эмес (маалыматты берүү график, сүрөт, таблица, диаграмма, инфографика ж.б. аркылуу түзүлгөн) текстерди түшүнүү.

**3-класс. Элементардык (жөнөкөй) деңгээл. Тилдик жана кептик көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили.**

**Предметтик компетенттүүлүктөр**

**I. Кептик компетенттүүлүктөр:**

**Сүйлөө. Маек кеби.** Темага жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша, грамматикалык категорияларды колдонуп, кыска маектешүүлөргө катышуу, маектерди толуктап, улантып оюн айта алуу.

**Жеке кеп.** Үйрөнгөн лексикалык, грамматикалык формаларды колдонуп, кыска жана жөнөкөй мазмунда сүйлөмдөрдү оозеки жана жазуу жүзүндө өз оюн өз алдынча айта алуу. Көргөнү, укканы тууралуу жөнөкөй баяндоо, көрүнүштү, буюмду жөнөкөй сыпаттоо.

**Угуу.** Мугалимдин жекече кайрылууларын, классташтарынын айткан жөнөкөй деңгээлдеги сөздөрүн, айтылган жөнөкөй жарыяларды, кайрылууларды өтүлгөн грамматикалык-лексикалык материалдардын чегинде, сүйлөшүү сфераларга жараша туура угуп түшүнүү, сүйлөшүүгө даяр болуу.

**Окуу.** Берилген темага жараша, үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык минимумдун чегиндеги чакан, жөнөкөй текстерди окуу жана түшүнүү. Текстти чечмелөө, интерпретациялоо, баалоо.

**Жазуу**. Ар түрдүү таянычтардын жардамы менен жазуу. Үлгүлөр менен иштеп, аларды талдаган соң, өз алдынча жазуу. План боюнча жазуу. Күнүмдүк турмушта колдонула турган функционалдуу жазуулар: кат, билдирүү, СМС, кулактандыруу. Түрдүү типтеги (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) кыска көлөмдүү текстерди жазуу.

## II. Тилдик компетенттүүлүктөр

**Фонетика.** Кыргыз тилинин төл тыбыштарын сөздө, сүйлөмдө туура колдоно билүүгө машыгуу, алардын айтылышы менен жазылышы, аларды кайталап эске түшүрүү жана сүйлөөдө, жазууда колдонуу
**Лексика.** Активдүү жана пассивдүү лексика, анын ичинен активдүү лексика: ...

**Грамматика:** Уңгу жана мүчө тууралуу түшүнүк. Көптүктүн -**лар** мүчөсү, анын мааниси, варианттары тууралуу билүү
Орунду билдирүүчү **-да** мүчөсү, варианттары, багытты көрсөтүүчү **-га** мүчөсү, анын варианттары, 3-жактагы таандыктын **-нын** мүчөсү, варианттары, **эмес** сөзү, анын тануу мааниси, 1-жактагы таандыктын **-ым** мүчөсү, варианттары, 3-жактын **-ы** таандык мүчөсү, варианттары; Этиштин учур чагы, өткөн чагы, келер чагы тууралуу түшүнүк. Барыш жөндөмөсүнүн **-га, т**абыш жөндөмөнүн **кимди? эмнени?** деген суроолоруна жооп берген сөздөр (-**ны** мүчөсү). Барыш жөндөмөнүн кимге? эмнеге? суроолору (-га мүчөсү). Жатыш жөндөмөнүн **кимде? эмнеде?** деген суроолоруна жооп берген сөздөр (-да мүчөсү). Чыгыш жөндөмөсүнүн **кимден? эмнеден? деген** суроолоруна жооп берген сөздөр.
Ким менен? Эмне менен? суроолоруна жооп берген сөздөр
**Чейин**, **кийин** жандооч сөзү, анын мааниси. Экен, эле, абдан, эң, жөнүндө, тууралуу, кандай экен? канча экен? деген суроо боюнча иштей билүү

## III. Социомаданий компетенттүүлүктөр*:*

- Кыргыз балдар адабиятынын элдик үлгүлөрүнөн, жазма адабияттын учурдагы үлгүлүү ыр, аңгеме, жомоктору, табышмактары жана жаңылмачтары менен таанышуу, аларды окуп-үйрөнүү

- Өзү, айлана-чөйрөсү, окуган, жашаган жери, достору, бир туугандары, ата-энеси жана Кыргыз Республикасынын улуттук символдору, кыргыз элинин улуттук буюмдары, табияты, белгилүү адамдары жана жерлери тууралуу маалымат алууну улантуу.

## IV. Окурмандык компетенттүүлүктөр:

- кыргыз жомокторун, макал-лакаптарын, балдар үчүн элдик ырларын окуп-таанышуу;
- окуганынын/укканынын мазмунун түшүнүү;

- көркөм, илимий-популярдуу жана окуу тексттерин мазмунун айтуу, суроолорго жооп берүү.

- тексттер форматы боюнча туташ (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү) жана туташ эмес (маалыматты берүү график, сүрөт, таблица, диаграмма, инфографика ж.б. аркылуу түзүлгөн) тексттерди түшүнүү, айырмалоо, түзүү.

## 4-класс. Элементардык (жөнөкөй) деңгээл. Тилдик жана кептик көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили.

**Предметтик компетенттүүлүктөр**

### I. Кептик компетенттүүлүктөр:

**Сүйлөө. Маек кеби.** Темага жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша, грамматикалык категорияларды колдонуп, кыска маектешүүлөргө катышуу, маектерди толуктоо, жаңы маек үлгүлөрүн түзүү, оюн айта алуу.

**Жеке кеп.** Үйрөнгөн лексикалык, грамматикалык формаларды колдонуп, кыска жана жөнөкөй мазмунда өз оюн өз алдынча айта алуу. көргөнү, укканы тууралуу жөнөкөй баяндоо, көрүнүштү, буюмду жөнөкөй сыпаттоо.

**Угуу.** Мугалимдин жекече кайрылууларын, классташтарынын айткан жөнөкөй деңгээлдеги сөздөрүн, айтылган жөнөкөй жарыяларды, кайрылууларды өтүлгөн грамматикалык-лексикалык материалдардын чегинде, сүйлөшүү сфераларга жараша туура угуп түшүнүү, сүйлөшүүгө даяр болуу.

**Окуу.** Берилген темага жараша, үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык минимумдун чегиндеги чакан, жөнөкөй тексттерди окуу жана түшүнүү. Текстти чечмелөө, интерпретациялоо, баалоо. Окуганы боюнча жазуу иштерин аткаруу.

**Жазуу**. Ар түрдүү таянычтардын жардамы менен жазуу. Үлгүлөр менен иштеп, аларды талдаган соң, өз алдынча жазуу. План боюнча жазуу. Күнүмдүк турмушта колдонула турган функционалдуу жазуулар: кат, билдирүү, СМС, кулактандыруу. Түрдүү типтеги (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) чакан тексттерди жазуу. Эссе жазуу.

## II. Тилдик компетенттүүлүктөр

**Фонетика.** Кыргыз тилинин төл тыбыштарын, алардын айтылышы менен жазылышын кеңейтип эске түшүрүү жана сүйлөөдө, жазууда колдонуу.

**Лексика.** Активдүү жана пассивдүү лексика, анын ичинен активдүү лексика:..
**Грамматика**: Сөз жасоочу мүчөлөр: (**-стан, -лык, -луу), к**есипти билдирүүчү –**чы** мүчөсү

Сөз жасоочу (-**лар, -мын, -быз** мүчөлөрү), терс маанини билдирген – **ба мүчөсү жана эмес** сөзү.Жалпы таандык -**ныкы** мүчөсү.
**Этиштин учур чагы** (кененирээк үйрөнүү), э**тиштин өткөн чагы** (кененирээк үйрөнүү), э**тиштин келер чагы** (кененирээк үйрөнүү)
**Кимдин? Эмненин?** деген суроолор боюнча текст менен иштөө. **К, П тыбыштарынын** өзгөрүү табияты.
**Кимге? Эмнеге?, кимди? Эмнени?, кимде? Эмнеде?** (бар, жок) К**имден? Эмнеден?** (кийин, мурда) деген суроолорго жараша текст менен иштөө
**Ким менен? Эмне менен? Кайда (каякка чейин)** суроолорунун байламталык жана жандоочтук маанилери
**Каерде? Кайда? Каякта?** (алдында, артында, жанында, үстүндө, астында) суроолоруна жараша текст менен иштөө
**-бы, беле, эле, экен бөлүкчөлөрү,** алардын кептеги мааниси
**Абдан, эң, аябай** сөздөрү, алардын маанилери
**Жөнүндө, тууралуу** (ким, эмне жөнүндө, ж.б.)
**Эмне үчүн? Эмнеге?** суроолору, алардын маанилери
Сын+зат атооч, сан+зат атооч, ат атооч+зат атооч сөздөрүнөн түзүлгөн сөз айкаштары.

## III. Социомаданий компетенттүүлүктөр*:*

- Социалдык-маданий жана өздүк чөйрөгө ылайык тексттер, кыргыз балдар адабиятынын элдик үлгүлөрү, жазма адабияттын учурдагы үлгүлүү ыр, аңгеме, жомоктору, табышмактары жана жаңылмачтары менен таанышуу, аларды окуп-үйрөнүү, мазмунун түшүнүү.

- Кыргыз Республикасы, Кыргызстандагы башка улут өкүлдөрүнүн маданий баалуулуктарын билүү, аларга урматтоо, сыйлоо менен мамиле кылуу, улуттук тилдин маанисин билүү, кыргыз элинин улуттук буюмдары, табияты, белгилүү адамдары жана жерлери тууралуу маалымат алуу.

## IV. Окурмандык компетенттүүлүктөр:

- кыргыз жомокторун, макал-лакаптарын, балдар үчүн элдик ырларын окуп-таанышуу;
- окуганынын/укканынын мазмунун түшүнүү;

- көркөм, илимий-популярдуу жана окуу тексттерин мазмунун айтуу, суроолорго жооп берүү.

- тексттер форматы боюнча туташ (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү) жана туташ эмес (маалыматты берүү график, сүрөт, таблица, диаграмма, инфографика ж.б. аркылуу түзүлгөн) тексттерди түшүнүү;

- Туташ, туташ эмес тексттерди айырмалоо, туташ эмес тексттин көрүнүшүн аныктоо.
- Туташ эмес текстти окуу (текстти кабылдоо, ачык жана ачык эмес түрүндө берилген маалыматты табуу; аны интерпретациялоо).
- Маалыматты башка тексттик формаларга айландыруу (туташ текстти туташ эмес текстке, анан кайра тескерисинче).
- Туташ эмес тексттин көрүнүшүн өзгөртүү (мисалы, таблицаны кластерге айландыруу)
- Туташ эмес тексттерди өз алдынча түзүү.
- Алынган маалыматты окуу тапшырмаларын аткаруу үчүн колдонуу.

## Кыргыз тили жана окуу сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

### Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери (монологдор, диалогдор, долбоор иштери, чыгармачылык устаканалар)

Оозеки жооптор беш критерий боюнча бааланат:

1. Мазмун (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде).
2. Маек куруучу менен өз ара аракеттенүү (маекти логикалуу жана байланыштуу кура алуу, репликалар менен алмашууда кезекти сактай алуу, суроолорго аргументтүү жоопторду бере алуу, маекти баштай алуу жана аны уланта алуу, ал эми маек үзүлүп калган учурда кайрадан аны кура алуу, тактоо, суроо берүү);
3. Лексика (сөздүк кор тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык);
4. Грамматика (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык);
5. Тыбыштардын айтылышы (кыргыз тилинин тыбыштарын туура айтуу, сүйлөмдөрдө туура интонацияларды сактоо).

| Баа | Мазмун | Коммуникативдик өз ара аракеттенүү | Лексика | Грамматика | Айтылышы |
|---|---|---|---|---|---|
| «5» | Берилген көлөм сакталган. Айтылган ойлор темага ылайык, тапшырмадагы бардык аспекттер чагылдырылган, кептин стили тапшырманын түрүнө ылайык, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде, адеп эрежелери сакталган. | Маектешүүчүнүн репликаларына туура жооп кайтарат. Коюлган коммуникативдик милдеттерди чечүү үчүн кеп демилгеси бар. | Лексика тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык. | Ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык. Сейрек кездешүүчү грамматикалык | Кеп кадимки табигый темпте айтылат, орой фонетикалык каталар жок. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | каталар коммуникацияга тоскоолдук кылбайт. | |
| «4» | Берилген көлөм анча толук эмес. Айтылган ойлор темага ылайык, тапшырмадагы кээ бир аспекттер чагылдырылган, кептин стили тапшырманын түрүнө ылайык, аргументациялоо дайыма эле тиешелүү деңгээлде эмес, бирок адеп эрежелери сакталган. | Коммуникация бир аз кыйынчылыктар менен жүргүзүлөт. | Лексикалык каталар окуучунун кебин кабыл алууга бир аз тоскоолдук жаратат. | Грамматикалык каталар окуучунун кебин кабыл алууга бир аз таасир этет. | Кеп кээде жөнсүз паузаларга ээ. Кээ бир сөздөрдө фонетикалык каталар кетирилет (кыргыз тилинин фонемалары орус тилиндеги окшош фонемалар менен алмаштырылат). Жалпы интонацияга өз эне тилинин таасири байкалып турат. |
| «3» | Айтылган ойлордун көлөмү анча чоң эмес жана алар толук бойдон темага дал келбейт; тапшырмадагы кээ бир аспекттер чагылдырылган эмес, кептин стили тапшырманын түрүнө кээ бир учурларда ылайык эмес, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде эмес, адеп эрежелери сакталган эмес. | Коммуникация бир кыйла кыйынчылыктар менен жүргүзүлөт. Окуучунун кептик демилгеси жок. | Окуучунун орой лексикалык каталары абдан көп. | Окуучунун орой грамматикалык каталары абдан көп. | Фонетикалык каталардын көптүгүнөн окуучуунун кеби кыйынчылык менен кабыл алынат. Жалпы интонацияга өз эне тилинин таасири байкалып турат. |
| «2» | Окуучу тапшырманын маанисин түшүнбөйт. Тапшырмадагы аспекттер эске алынган эмес. | Коммуникативдик милдет ишке ашырылган эмес. | Окуучу өз оюн билдирген сүйлөмдөрдү түзө албайт. | Окуучу сүйлөмдөрүн грамматикалык жактан туура түзө албайт. | Окуучунун кебин түшүнүү мүмкүн эмес. |

## Окууну баалоо критерийлери

Окууну ийгиликтүү өздөштүрүүнүн негизги көрсөткүчү болуп окулган тексттен керектүү маалыматты бөлүп чыгаруу болуп саналат. Биз жашоодо тексттерди керектүү маалыматтарды табуу үчүн ар кандай милдеттерди коюп окуйбуз. Буга байланыштуу окуунун төмөнкү түрлөрүн айырмалап жүрүшөт: тексттеги негизги мазмунду жана фактыларды түшүнүү, тексттеги маалыматты толук түшүнүү, тексттен же бир нече тексттерден керектүү маалыматты табуу. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максаты бул тилде эркин баарлашуу болгондон кийин, окуучулар окуунун бардык түрлөрүн өздөштүрүшү керек.

Окуунун түрлөрү:

1. **Маалымат менен таанышуу**, мындай окууда тексттеги маалыматтын

негизги мазмунун түшүнүүгө басым жасалат;

2. **Изилдеп окуу**, маалыматтын мазмунун толук түшүнүүгө, анын ичиндеги деталдарды да изилдөөгө багытталган окуу;

3. **Карап чыгуу** – окуунун мындай түрүндө тексттен керектүү же окурманды кызыктырган маалыматты табуу негизги максат болуп саналат.

Албетте, окуунун ар бир түрү менен байланышкан билгичтиктердин өздөштүрүлүшүн өзүнчө текшерүү керек.

**Маалымат менен таанышуу (негизги мазмунду түшүнүү)**

| **Баа** | **Критерийлер** | **Окуунун ылдамдыгы** |
|---|---|---|
| «5» | Тексттин негизги мазмунун түшүнүү, негизги ойду, негизги фактыларды бөлүп көрсөтүү, тааныш эмес сөздөрдүн маанисин контекст же сөз жасоочу элементтер же өз эне тилиндеги окшоштуктар аркылуу билүү. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу жайыраак. |
| «4» | Тексттин негизги мазмунун түшүнүү, негизги ойду бөлүп көрсөтүү, кээ бир фактыларды аныктоо. Тил зээндүүлүгү анча өнүккөн эмес, кээ бир тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүнүүдө кыйналуу. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу бир аз жай. |
| «3» | Окулган маалыматтагы негизги мазмунду толук түшүнүү жок, тексттен анча көп эмес фактыларды бөлүп көрсөтүү, тил зээндүүлүгү таптакыр өнүккөн эмес. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу бир кыйла жай. |
| «2» | Текстти түшүнүү жок же мазмунду туура эмес түшүнүү, фактыларды аныктоодо, тааныш эмес лексиканын маанисин ачуу жолдоруна ээ эмес. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу өтө эле жай. |

**Изилдеп окуу (мазмунду толук түшүнүү, анын ичиндеги деталдарды да изилдөө)**

| **Баа** | **Критерийлер** |
|---|---|
| «5» | Окуучу татаал эмес текстти (публицистикалык, илимий-популярдуу, туристтерге арналган малыматты, нускамаларды) толук түшүндү. Окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүү үчүн белгилүү ыкмаларды колдонду (маанисин табуу, анализ жүргүзүү). |
| «4» | Текстти толук түшүндү, бирок көп учурда сөздүккө кайрылып жатты. |
| «3» | Текстти толук түшүнгөн жок, анын мазмунун иштеп чыгуунун ыкмаларына ээ эмес. |
| «2» | Окуучу текстти түшүнгөн жок, сөздүктөн тааныш эмес сөздөрдү кыйынчылык менен табат. |

**Карап чыгуу (керектүү же кызыктырган маалыматты табуу)**

| **Баа** | **Критерийлер** |
|---|---|
| «5» | Окуучу татаал эмес текстти же бир нече тексттерди (поезддердин жүгүртмөсү, меню, телекөрсөтүүлөрдүн программасы же башка ар кандай темадагы анча көлөмдүү эмес тексттер) тез карап чыгып, керектүү маалыматты таба алат. |
| «4» | Текстти тез эле карап чыгат да, бирок керектүү маалыматтын 2/3 бөлүгүн гана таба алат. |
| «3» | Окуучу берилген тексттен же тексттерден керектүү маалыматтын 1/3 бөлүгүн гана таба алат. |
| «2» | Окуучу тексттен эч кандай керектүү маалыматты таба албайт. |

**Жазуу иштерин баалоо критерийлери**

Жазуу иштери үчүн (текшерүү иштери, тесттер, сөздүк диктанттар) баа туура жооптордун пайыздарынан эсептелип алынат:

| Иштердин түрлөрү | Текшерүү иштер | Тесттер, сөздүк диктанттар |
|---|---|---|
| «2» деген баа | 49% жана андан аз | 59% жана андан аз |
| «3» деген баа | 50% дан 9% чейин | 60% дан 74% чейин |
| «4»деген баа | 70% дан 90% чейин | 75% дан 94% чейин |
| «5» деген баа | 91% дан 100% чейин | 95% дан 100% чейин |

Чыгармачыл жазуу иштери ( эссе, дил баян, долбоор, кат ж. б.) төмөнкү беш критерийлер боюнча бааланат:

1.*Мазмун* (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде).

2. *Иштин структурасы* (логикалуулук, жазуу түрүнүн форматын сактоо, текстти абзацтарга бөлүү).

3. *Лексика* (сөз кору тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык).

4. *Грамматика* (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык).

5. *Орфография жана пунктуация (*орфографиялык каталардын жоктугу, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери сакталган).

**Градация**

| **Баа** | **Баалоо критерийлери** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Мазмун | Структура | Лексика | Грамматика | Орфография жана пунктуация |
| «5» | Коммуникатив-дик милдет толук ишке ашырылган. | Бардык ойлор ырааттуу жайгаштырыл ган, логикалык байланыштар колдонулган, формат сакталган жана текст абзацтарга бөлүнгөн. | Лексика тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык. | Ар түрдүү грамматика-лык конструкция-ларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык же коммуника-тивдик милдетти ишке ашырууга тоскоолдук кылбайт. | Орфографиялык каталардын жоктугу, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери сакталган. |
| «4» | Коммуникатив-дик милдет толук ишке ашырылган. | Бардык ойлор ырааттуу жайгаштырыл ган, логикалык байланыштар колдонулган, | Лексика тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке | Ар түрдүү грамматика-лык конструкция-ларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган | Бир аз орфографиялык каталар бар, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | формат сакталган жана текст абзацтарга бөлүнгөн. | ылайык, бирок орой эмес каталар бар. | милдеттерге ылайык же коммуника-тивдик милдетти ишке ашырууга бир аз тоскоолдук кылат. | чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери сакталган. |
| «3» | Коммуникатив-дик милдет ишке ашырылган. | Ойлор ырааттуу эмес жайгаштырыл ган, логикалык байланыштар туура эмес колдонулган, бирок формат сакталган. Текст абзацтарга туура эмес бөлүнгөн. | Кээ бир учурларда лексика жөнсүз колдонулган. | Орой грамматика-лык каталар бар. | Орфографиялык каталар бар, пунктуациянын негизги эрежелери кээ бир учурларда сакталбаган: бардык сүйлөмдөр баш тамга менен жазылган эмес, кээ бир сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган эмес, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери бузулган. |
| «2» | Коммуникатив-дик милдет ишке ашырылган эмес. | Ойлор ырааттуу эмес жайгаштырыл ган, логикалык байланыштар колдонулган эмес, формат сакталбаган. Текст абзацтарга бөлүнгөн эмес. | Лексиканы колдонуу боюнча абдан көп каталар бар. | Абдан көп грамматика-лык каталар бар. | Орфографиялык каталар көп, пунктуациянын негизги эрежелери сакталбаган: көп сүйлөмдөр баш тамга менен жазылган эмес, көп сүйлөмдөрдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган эмес, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери бузулган. |

**Адабияттар:**


1. PISAнын иликтөөлөрү тууралуу ОУББББ (ЦООМО) маалымкаты – 2006. –Б.: 2008. – 220 бет.
2. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдун бюджеттик жана акы төлөөнүүчү орундарга тапшыруунун жана жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары.– Бишкек, 2010. – 96 бет.
3. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы. – Кутбилим. 17.08.2012-жыл. Концепцияны иштеп чыккандар: С. Рысбаев, К. Добаев, БАбдухамидова.
4. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстарында кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарты (деңгээли);
5. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн “Кыргыз тили” окуу китептери жана методикалык кодонмолору.
6. Б. Абдухамидова, Кыргызча кеп адеби, мет.колдонмо, Б., 2008.
7. Т.Асанакунов, Кыргыз тилинин жөнмөмөлөрүн окутуу аркылуу окуучулардын кебин өстүрүү, методикалык колдонмо, Б., 2010
8. С.Рысбаев, Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык-практикалык маселелери, Б., 2017
9. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы. Б–2022. Концепцияны иштеп чыккандар: С. Рысбаев, БАбдухамидова.